**УДК: 894**

***Раимбердиева Э., Аман кызы Б.***
*Раимбердиева Эльвина – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Аман кызы Бакытгүл – п.и.к., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*

# АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН ДААНЫШМАНДЫГЫ

# МУДРОСТЬ АРСТАНБЕКА БУЙЛАША

# THE WISDOM OF THE SON OF ARSTANBEK BUILASH

***Аннотация:*** *Макалада замана агымынын өкүлү Арстанбектин чыгармачылыгы жөнүндө сөз болот.*

***Аннотация****: В статье рассказывается о творческое особенности акына заманиста Арстанбека*

***Summary:*** *Tye article tells abaut the creative features of the akyn zamanista Arstanbek*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ырчылар поэзиясы, төкмөлүк, нускоочу акын, жазгыч акын, заманчы*
***Ключевые слова:*** *акынская поэзия, импровизация, акын-назидатель,акын-письменник, заманист*
***Key words :*** *akyn poetry, improvisation, akyn edifier, akyn writer, image means, enticer.*

Улуттук адабиятыбыздын өнүгүшүндө жана анын калыптанышынын бардык этаптарында акындар поэзиясы негизги орунду ээлейт. Адабияттын жаралуусу оңойго турган жок. Ал узак жана татаал процесстердин болгондугун өз ичине камтыйт. Кыргыз акындарынын анын ичинен «замана» темасынын нарктуу өкүлдөрүнүн чыгармаларын, алардын даанышмадыгын адабиятыбыздын өнүгүү тенденцияларында таамай байкоого болот.

Даанышмандык- акылмандык, ар нерсени билгендик, билимдүүлүк, кеменгерлик, көсөмдүк [6.229]. Андыктан кыргыздардын өткөн замандагы жашоо-турмушу, башынан кечирген турмуштун оош-кыйыштарын биз кыргыз акындарынын чыгармаларынан кабардар болуп келебиз. XIX кылымдын биринчи чейрегине туура келген акындардын «замана» темасындагы чыгармалары улуттук адабиятыбызда өзүнчө баскычта турган талашсыз бөлүм. Дегеле тарыхта XIX кылым көптөгөн апааттуу окуялар менен коштолгондугу белгилүү. «Замана» агымынын өкүлү Арстанбек Буйлаш уулунун көркөм мурастары эл арасына тараган менен, бизге толук жеткен эмес. Акындын чыгармачылыгына чоң таасир берген анын башынан өткөргөн оор күндөрү, турмуштун запкысы бирден-бир себеп. Арстанбек чыгармаларынын мааниси жагынан «замана» темасында ырдаган Калыгул Бай уулунан кийинки ири акын. Ал Калыгулдун «Акыр заман» тууралуу ырындагы айтылган ойлорго кошулуу менен аны турмуштук тарыхый фактылар аркылуу «Тар заман» чыгармасында мазмунун тереңдеткен.

Андыктан "Замана” агымынын көрүнүктүү өкүлү. Калк ага "булбул” деген атак бергени да бекеринен болбосо керек. Бугу уруусунун тынымсейит уругунан чыккан. Атасы Буйлаш бий болгондугу илимий булактарда айтылып келет. Бирок анын ырларында жашоо көрүнүштөрү жөнөкөй адамдардын мүдөлөрүн чагылдырылган. Арстанбек ырчы катары 16 жашында таанылa баштаган. Кокон төбөлдөрүнүн иш аракеттери атасы Буйлашты, башка дагы тынымсейит билермандарын ордого айдатып кеткен. Бул учурда Арстанбек жөн жатпастан алардын артынан барып, ырдап көпчүлүктүн назарына толуп, атасын жана башка манаптарды куткаргандыгы залкар талант экендигин тастыктайт. Ал Фергана

тарапта бир жылча жүрүп, Наманган, Анжиянды аралап, көптөгөн ырчы, комузчулар менен беттешип ырдаган. Өзүнүн жергесине чоң ырчы катары таанылып кайткан.

Арстанбек кыргыз коомчулугунун кыйын кезеңинде өмүр сүрүп, Кокон бийлигинин карапайым элдерге карата жүргүзгөн адилетсиздигине күбө болгон. Ал эми Кокон хандыгынын мезгилинде мыйзамсыздык, зордук-зомбулук жана аксымдык өкүм сүрүп, элдин нааразычылыгы күчөгөн эле. Кокондук сарбаздар эч себепсиз кыргыз айылдарын талап-тоноп, кыргыздын кыз-келиндерин барымтага алышып,элге кордук көрсөтүп, каршылык көрсөткөн кыргыздарды өлтүрүп коюп турушкан. Кокон хандыгындай айрыкча Кудаяр хан заманында алык-салыктын саны арбып, өлчөмү өскөн. Аксымдыгы, ач көздүгү менен калайык-калкка жек көрүндү болгон Кудаяр хан өзүнүн бийлигинин акыркы жылдарында казынасын байлыкка толтурууну, жеке туйтунууну эңсеп, алык-салыктын көптөгөн түрлөрүн ойлоп тапкан. 70-жж башына карата Кокон хандыгына көз каранды калк салыктын 20 дан ашык түрүн төлөп турган.. Бул кезде хандыкта мал салыгы, соода-сатык салыгы, эгинчилик, багбанчылык, көмүрчүлүк, камыш, чөп салыгы ж.б. салыктар алынчу, чычырканак кыпканда, куурай чогултканда, тезек тергенде да салык төлөнчү. Кыргыздар үчүн өзгөчө малдан алынчу зекет өтө оорлоп, ал мурдагыдан үч-төрт эсе көп алына баштаган.[8]

Мына ушундай элдин башынан өткөрүп жаткан оор күндөрү туурасында Арстанбек төмөндөгүдөй ырларында таамай айткан:

Тегереги кыргыздын,
Темирден тарткан тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын,
Кырк кулач терең ор болду.
Көчмөндүү биздин кыргыз эл,
Көк чапан сартка кор болду [5.36] - деп элдин санаасын санап, калайык калк деп кабатырланып, журттун тагдырын ойлойт.

Түндүк кыргыздардын турмушундагы тарыхый окуялардын бири болгон бугу менен сарбагыштын чабышы да Арстанбектин чыгармаларында берилген. Айрыкча Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин анын уруулаштары тарабынан бугулар катуу кысмакка алынып, калк чабылып, туш-тушка көчкөндө бугулардын турмуш акыбалын сүрөттөп, уруу-урууну ынтымакташтырууга чакыруу айрым ырларынан белгилүү.

Ошондой эле орус падышалыгынын Кыргызстанда жүргүзгөн колониялык саясаты анын чыгармаларында орун алган. Акындын кабылдоо, баамдоо жөндөмү, чеберчилиги ушул тарыхый кырдаалды баяндоодо ачык көрүнөт.

Өңү сары көзү көк,
Орус келе жатыры.
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыры,
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатыры,
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап [3]- деп эл башына өтө кыйын заман келатканын көрөгөчтүк менен ырдаган. Мындай кыргыз жергесиндеги болуп жаткан тарыхый окуяларга күбө болгон Арстанбектин төмөнкү ыр саптарын карап көрөлү:

Капкайдагы чогулуп,
Калаа болдуң Каракол.
Калың журттун башына,
Балаа болдуң Каракол.
Ногой алды оюнду,
Орус алды боюнду,
Күндө салды оюнду [5.103].

Бул келтирилген үзүндү ыр саптарында кыргыз элинин Россиянын катарына кошулуу мезгилиндеги кыргыз айылдарынын, анын карапайым жашоочуларынын башына түшкөн кыйын кырдаалды акын өтө даанышмандык менен ырдаган. Жай турмушта орустун келээринен кабары жок жашоо кечирип жаткан элдин түйшүк тартканы замандын бузулушун, акыр замандын келгендигин айтып отурат. Албетте, орус падышачылыгынын кыргыз жергесине келип, жүргүзгөн ар кандай адилетсиз саясаттары, кордуктары Кокон хандыгынын көргөзгөн азап-тозогунан кем болгон эмес. Элдин кош эзүүгө кабылышы, алардын ой-максаттарынын аткарылбагандыгы алардын турмуш шартын андан бетер алсызданткан. Жогорудагы айтылган турмуштук проблемаладын өөрчүшүн Арстанбек жөн гана кабыл

алган жок. Акын орустардын ченчи чыгып жерди алганын, бээден тууган керди алганын, карды салык байды, кача турган жайды алганын жан дүйнөсү менен кабылдады. Арстанбектин «Тар заманы» дал ушундай ак-караны таамай, тайманбай бергендиги менен баалуу. Анткени XIX кылымдын орто ченин-деги кыргыз элинин колонизатордук режимдин, улуттук-боштондуктан айрылган учурду бурмалабай айткандыгында жатат.

Филология илимдеринин доктору, профессор Советбек Байгазиевдин «Кыргыз коому канткендн адеп-ахлак кризисинен чыгат? Же Арстанбектин осуяттары» аттуу илимий макаласында акындын чыгармаларын, термелеринин мазмунун терең изилдөөгө алып, даанышманыбыздын эл-жер, башкаруучулар, адамдагы ар кыл сапаттар, акыйкаттык, адеп-ахлак жана башка көптөгөн маселелерге болгон көз карашын ачып, осуяттарын кылдат изилдеп көрсөткөн. Бул боюнча окумуштуу төмөндөгүдөй оюн таамай билдирет: «Арстанбек Буйлаш уулунун этикалык даанышмандыгы, адеп-ахлак нускалары эскирбей турган, бүгүнкү күнү биз терең үйрөнүп моралдык практикабызда түздөн-түз колдоно турган баа жеткис руханий дөөлөттөр болуп эсептелинет» [4].

Арстанбек мекенчил акын жана кыргыз элинин падышачылык бийликтин карамагында калгандыгын өтө кайгыруу менен кабыл алган. Ал өз убагында кыргыз элинен чыккан төкмөлөргө айткан нуска кептеринде эл камын ойлогон, алар менен бирге болууларын үндөгөн. Арстанбектин төкмө акын Жеңижокко берген насаатында төмөндөкүдөй кайрылат:

Зөөкүрдү чабар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол.
Дүлөйлөргө камчы бол,
Чөлдүү жерге булак бол.
Аргымак минген баатыр бол,
Алсыздарга жакын бол.
Жетимдерге көмок бол,
Канкорлорго касап бол.
Калп айтканга мазак бол,
Ууруларга айгак бол.
Ушакчыга сайгак бол,
Эрегиш сыкса элчи бол.
Эл-журтуңдун кенчи бол,
Кара өзгөй болбой калыс бол.
Кошоматтан алыс бол,
Жери жокко конуш бол,
Эти жокко союш бол.

Ыр саптарында көрүнүп тургандай акындын жан дүйнөсүндө элдин мүдөөсү биринчи орунда тураары байкалат. Ал жаман сапаттарга, жосунсуз жоруктарга карата тескери көз караштa экендигин ырлары аркылуу баяндайт. Мындай баалуу, нукура классикалык чыгармасы менен акын өзүнө өлбөс классикалык мурас калтырган. Нечендеген кыйын күндөрдү башынан кечирген кыргыз журтчулугу ар убак кайталангыс таланттарды жараткан. Ал таланттардын чыгармачылыктары өздөрү жашаган мезгилдин өзгөчөлүгүнө жараша өнүгүп турган. Улуу жазуучубуз Ч.Айтматов белгилегендей: «Илимий – техникалык революция доорунун келиши менен өз ордун көркөм аң-сезимдин заман талап кылган башка түрлөрүнө бошотуп берип, бизден улам алыстап, күчтүү өкүлдөрү барган сайын сейректеп бараткан чоң өнөрдүн бири – төкмө ырчылык. Эл ичи – түгөнбөс кенч, балким төкмө ырчылардын тукуму эч качан үзүлбөй жүрүп отурар. Ошентсе да мен бул өнөрдүн гүлдөө доору алдыда эмес, артта калды го деп ойлойм» [1.62]. Бул таамай айтылган кеп. Чындыгында замандын өтө татаал мезгилине сынбастан жан дүйнөсүнө батпаган чыгармаларды жараткан Калыгул менен Арстанбектей, Токтогул менен Тоголок Молдодой, Барпы менен Калыктай ырчылардын бүгүнкү күндө кайталануусу күмөн туудурбай койбойт.

Кайсыл гана акындын чыгармачылыгын изилдөөгө албайлы, ага баа берүүдө акындын кандай мезгилде жашагандыгын, кандай шартты башынан кечиргендигин жана алардын ошол учурдагы социалдык турмушуна маани берүү зарыл нерсе. Андыктан Арстанбектин дүйнө таанымы ал мезгилдин билимдүү адамы экендигинен кабар берет. Анын ырлары негизинен турмуштук жагдайларга арналып, ар кыл жактарын камтып турган. Элибиздин эркиндигин, эч нерсеге алмаштыргыс баалуулугун өзгөчө даңазалап ырдаган өз заманынын даанышманы демекчибиз.

**Адабияттар:**

1. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат.-Ф.: 1988-ж
2. Арстанбек Түзгөн: Б.Кебекова, Бишкек. 1994

3. Арстанбек Буйлаш уулу // Wikipedia.org\ wiki
4. Байгазиев С. Кыргыз коому канткенде адеп-ахлак кризисинен чыгат? Же Арстанбектин осуяттары. Фабула №23 (220). 29-март 2013-ж
5. Кыргыз эл ырчылары. Түзгөн: Б.Кебекова.-Б, 1994
6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. –Ф. «Мектеп» I том, 1984
7. Осмонов Дж., Асанканов А. Кыргызстандын тарыхы.//library. knau.kg/ index.